**Эмне үчүн**

**Сөзү**:Тынчтыкбек Нурманбетовдуку

**Обону** Атайбек Бөдөшовдуку

Аткаруучу: Каныкей Эралиева

Эмне үчүн эстей берем,эстей берем?

Жаздыкка башым коюп жатаар менен.

Эмне үчүн эңсей берем,эңсей берем?

Жаңыдан таң сүрүлүп атаар менен.

Эмне үчүн сен дегенде делбиреймин?

Кыялдын жетегине жипсиз көнүп,

Эмне үчүн сен дегенде элжиреймин?

Талаадай Күн нуруна жаткан көлбүп.

Эмне үчүн ойлой берем,ойлой берем?

Көп иштеп чарчаганда түлкү денем.

Эмне үчүн ичтен сызып самай берем?

Күнүгө үлпөт,тойдо жүргөн менен.